КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУНУН
ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ
НООКЕН РАЙОНДУК
ИЧКИ ИШТЕР БӨЛҮМҮ

МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ЖАЛАЛ-АБАДСКОЙ ОБЛАСТИ
ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
НООКЕНСКОГО РАЙОНА

инд. 721200 Ноокен р-ну Масы айылы Ленин к.№9
тел. факс 03734 5-05-44

ин.д. 721200 Ноокенский р-н с.масы ул Ленина №9
тел. 03734 5-05-44

26.11.2021-ж. №27-8/4072

______ ______ ______№______ ______катка

Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына төрайымы
**Н. К. Шайлдабековага**

Ноокен РИИБмү Сизге, 2021-жылдын 23-ноябрында Ноокен округдук шайлоо комиссиясына. Шайдан айыл өкмөтүнүн тургуну К.Калдаров жана Бүргөндү айыл өкмөтүнүн тургуну О.Арстанбековдор арыз менен кайрылып, анда: Ноокен районунун Ноокен айыл өкмөтүнүн Сары-Сыя айылындагы дарактарга Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына талапкер Сыдыков Бактыбек Усеновичдин үгүт баннери мыйзамсыз илинип тургандыгын билдирип, аталган мыйзам бузуучулуктарга карата чара колдонуп берүүнү суранышкан.

Окуя боюнча, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына талапкер Сыдыков Бактыбектин ыйгарым укуктуу өкүлү Камбаров Анарбек Жаныбекович шайлоо комиссиясына берген билдирүүсүнө ылайык, аталган Ноокен районунун Ноокен айыл өкмөтүнүн Сары-Сыя айылындагы дарака илинген үгүт баннерин Б.Сыдыковдун адамдары илген эместигин, бул окуя башка жарандар тарабынан атайылап уюштурулган болушу мүмкүн экендигин билдирген.

Бул факты боюнча, Ноокен округдук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 23-ноябрындагы №7 чечимине ылайык, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кенешинин депутаттарын шайлоо" жөнүндөгү Конституциялык мыйзамынын 27-бер. 4-пунктунда "үгүт материалдарын таратууга бак-дарактардын кандай гана түрү болбосун пайдаланууга тыюу салынат" экендигин эске алып, талапкер Б.Сыдыковдун ыйгарым укуктуу өкүлү А.Камбаровго үгүт материалдарын жайгаштыруудагы мыйзам бузууларга жол бербөө жагы эскертилип, бирок талапкер Б.Сыдыковдун ыйгарым укуктуу өкүлү А.Камбаров өз билдирүүсүндө, аталган Ноокен айыл өкмөтүнүн Сары-Сыя айылындагы дарака илинген үгүт баннерин Б.Сыдыковдун адамдары илген эместигин, бул окуя атайылап уюштурулган болушу мүмкүн экендигин көрсөткөндүгүнө байланыштуу, Б.Сыдыковдун үгүт баннери Сары-Сыя айылындагы даракка кимдер тарабынан илингендигин аныктап билүү үчүн, тиешелүү материалдардын көчүрмөсү 2021-жылдын 25-ноябрында Ноокен РИИБнө жиберилген.

Бул окуя боюнча топтолгон материалдар 2021-жылдын 25-ноябрында Ноокен РИИБдин маалыматтардын электрондук журналына 02-037-2021-001060 саны менен катталган.

Алдын ала текшерүү учурунда, Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер Б.Сыдыковдун үгүт баннери илинген Ноокен айыл өкмөтүнүн Сары-Сыя айылына кароо жүргүзүү учурунда ага таандык эч кандай үгүт баннери илинген жок экендиги, ал эми аталган айылдын жашоочулары Б.Сыдыковго таандык баннер кимдер тарабынан илинип, кимдер тарабынан кайра алып кетилгендиги тууралуу

Ошондой эле, Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер Б.Сыдыковдун Ноокен айыл өкмөтү боюнча штабынын башчысы Анарбаев Замирбек Сатыбалдыевич өз көрсөтмөсүндө; 2021-жылдын 17-ноябрь күнү Б.Сыдыковдун айыл жерлерге илинген үгүт баннерлерин толугу менен алып таштаганын, анткени аталган баннерлерден улам да түрдүү дооматтар коюлуп, эскертүүлөр берилип баштагандыктан, Б.Сыдыков өзү айыл жерлердеги баннерлерди алып салууну дайындагандыгын, 23.11.2021-жылы Б.Сыдыковдун каршылаштары, тактап айтканда башка Жогорку Кеңештин депуттатыгын талапкерлердин туугандары К.Калдаров жана О.Арстанбековдор №16 Ноокен округдук шайлоо комиссиясына арыз менен кайрылып, Б.Сыдыковдун үгүт баннери Сары-Сыя айылындагы дарактарга мыйзамсыз илинип тургандыгын билдиргенин, окуя боюнча Б.Сыдыковго иштеген үгүтөөчүлөрдөн сурап-сурүштүрсө, аталган Сары-Сыя айылына илинген баннер алардын адамдары тарабынан илинген эместигин, ал илинген баннерди атайылап маскаралаган сыяктуу тырыш-бырыш абалда илгендигин, бул окуя боюнча Ноокен округдук шайлоо комиссиясынын №7 чечими менен Б.Сыдыковдун ыйгарым укуктуу өкүлү Камбаров Анарбек Жаныбековичке үгүт материалдарын жайгаштыруудагы мыйзам бузуучулуктарга жол бербөө жагы эскертилгенин, аталган окуядан улам эч кимге зыян келтирилген эместигин билдирип, окуя боюнча арыз жазуудан баш тарткан.

Ал эми, арызданууучу К.Калдаров жана О.Арстанбековдордун өздүгү, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Арстанбеков Акылбек Советбековичдин бир тууган иниси Арстанбеков Орозмамат Советбекович жана анын байкоочусу Калдаров Кошойбек Давитбекович экендиги аныкталып, алар өз көрсөтмөлөрүндө, 2021-жылдын 23-ноябрында кол телефонуна Ноокен айыл өкмөтүнүн Сары-Сыя айылындагы дарактарга мыйзамсыз илинген ЖКтин депутаттыгына талапкер Б.Сыдыковдун үгүт баннери тууралуу маалымат келип, аталган маалымат тууралуу шайлоо комиссиясына арыз жазып кайрылгандыгын, аталган баннер ким тарабынан жана качан илингендиги тууралуу маалыматы жок экендигин билдиришкен.

Ошондой эле, Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер Сыдыков Бактыбектин Ноокен айыл өкмөтү боюнча штаб башчысы Анарбаев Замирбек тосмо арыз менен кайрылып, аталган окуядан улам эч кимге эч кандай материалдык жана башка зыян келтирилген эместигин жана окуя боюнча эч кимге арыз доосу жок экенин билдирген.

Текшерүүнүн жыйынтыгы менен, Ноокен районунун Ноокен айыл өкмөтүнүн Сары-Сыя айылындагы дарака илинген Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Сыдыков Бактыбектин үгүт баннери ким тарабынан илингендигин аныктоого мүмкүн болгон жок. Ал эми аталган окуядан улам талапкер Б.Сыдыковго эч кандай зыян келтирилген эместигин, ошондой эле окуя боюнча Ноокен округдук шайлоо комиссиясынын №7 чечими менен талапкер Б.Сыдыковдун ыйгарым укуктуу өкүлү Камбаров Анарбеке үгүт материалдарын жайгаштыруудагы мыйзам бузууларга жол бербөө жагы эскертилип, тиешелүү чара колдонулгандыгын эске алып, бул окуянын жосунунда кылмыштын же жоруктун белгилери байкалбагандыктан, окуя боюнча топтолгон материалдар мындан ары сактоо үчүн номенклатуралык журналына каттоо үчүн жиберилип, НД-037-2021-000019 саны ыйгарылгандыгын билдиребиз.

Ноокен РИИБдин начальниги
милициянын полковниги : Мусаев А. Б.